**Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын эсептик чен өлчөмү маселесине арналган отурумунан пресс-релиз**

Учурда түптөлгөн макроэкономикалык жагдайды талкуулоонун жүрүшүндө 2016-жылдын акырына чейин инфляцияны болжолдоолор боюнча базалык сценарийлерде камтылган ар тараптуу багыттагы болжолдуу тенденциялар сакталып калаары белгиленген. Жакынкы учурда соода боюнча негизги өнөктөш өлкөлөрдө экономикалык өсүш арымынын басаңдашы күтүлүүдө бул, албетте, сырттан суроо-талаптын кыскарышына жана акча которуулар агымынын азайышына таасир этет. Турак жай-коммуналдык кызматтарга тарифтердин жогорулоосу, быйылкы жылдагы аба-ырайынын алгылыксыз шарттары, ички рынокто бензинге жана дизель отунуна баанын тездик менен өсүп жатышы инфляция динамикасына да таасир этиши мүмкүн. Натыйжада, мындай жагдай жыл акырына карата инфляциялык процесстердин ыкчамдашына таасир этиши ыктымал. Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы орто мөөнөттүк аралыкта инфляцияны акча-кредит саясатынын сандык көрсөткүчүнүн чегинде чектеп туруу максатында бардык зарыл чараларды көрүүгө ниеттенүүдө.

Ошентип, инфляциялык тобокелдиктердин жана сырттан суроо-талаптын кыскарышы тобокелдигинин катышын эске алуу менен 2014-жылдын 31-июлунан тартып Улуттук банктын эсептик ченин 50 базистик пунктка, жылдык 6,5 пайызга чейин жогорулатуу чечими кабыл алынган.